**ОшМУнун окуу усулдук бирикмесинин медицина тармактык комитетинин № 7 отурумунун**

# ПРОТОКОЛУ

14.05.25г.
106 каана

Ош ш.,
мед.фак

**Катышты:**

1. Ыдырысов И. Т. – м.и.д., профессор, медицина факультетинин деканы;
2. Атабаев И.Н., - м.и.к.доцент, ОшМУнун медицина факультетинин базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын башчысы;
3. Джумаева Л. М. -- Phd, Эл аралык медицина факультетинин деканынын орун басары;
4. Нажимидинова Г. Т– Эл аралык жогорку медицина мектеби, м.и.к., доцент;
5. Шараева А. Т. - м.и.к., доцент . Б. Н. Ельцин атындагы КРСУнин базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын доценти медицина илимдеринин кандидаты;
6. Торобаева Д. К. - п.и.к., доцент. ОшМУнун медициналык колледжинин директорунун орун басары, п.и.к.;
7. Маткасымова А. Т.,- м.и.к., доцент, ОшМУнун дипломдон кийинки үзгүлтүксүз, медициналык билим берүү борборунун (ЦПиНМО) доценти, м.и.к;
8. Мамашарипов К. М. – м.и.к. доцент Ош шаардык клиникалык ооруканасынын директорунун орун басары;
9. Турсунбаева А. Т. - медицина факультетинин окуу методикалык кеңешинин торайымы;
10. Жообасарова Д. Ж. - Дарылоо иши программасынын жетекчиси;
11. Стамбаев Ө.Т. - республиканын медициналык колледждер Ассоциациясынын Президенти, КР билим берүүнүн отличниги, саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери.
12. Нурбек к Айпери – студент;
13. Салиева Ф. – студент.

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

**Күн тартиби:**

Дарылоо иши, акушердик иши, ортопедиялык стоматология, профилактикалык стоматология, фармация, медициналык айым иши, лаборатордопук дартты аныктоо адистиктеринин билим берүү стандарттарын талкуулоо.

**УГУЛДУ:**

**Ыдырысов И. Т. (м.и.д., профессор, тармактык комитеттин төрагасы):** Саламатсыздарбы, урматтуу тармактык комитеттин мүчөлөрү дарылоо иши, акушердик иши, ортопедиялык стоматология, профилактикалык стоматология, фармация, медициналык айым иши, лаборатордопук дартты аныктоо адистиктеринин билим берүү стандарттарын, талкуулоо үчүн жолугушуп жатабыз. ОшМУнун окуу усулдук бирикмесинин медицина тармактык комитетинин кароосуна чейин медицина колледжинин педагогикалык кеңешинде каралды, берилген билим берүү стандарттары иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн жумушчу топтор тарабынан иштелип чыкты. Комитеттин мүчөлөрү стандарттарды карап чыгышты, анда эмесе сөз кезегин медайым ишинин предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу, ПКББИ жетекчиси Г.Т. Төлөнбаевага берейин.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Төлөнбаева Г.Т.: (Медайым ишинин негиздери" предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу, ПКББИ жетекчиси) :**

Саламатсыздарбы, урматтуу медицина тармактык комитетинин мүчөлөрү! Презентация кыргыз тилинде болгондуктан кыргызча айтайын. Медайым ишинин билим берүү стандартын, жобого ылайык иштеп чыктык, ар бир бөлүгү жазылды, тиркемелери да талапка дал келет. Көңүл бурсаңыздар, кошумчаланган жерлерин белгилеп айтып кетсем:

Дарт аныктоо, дарылоо, профилактикалык ишмердүүлүк кошулду ошондой эле уюштуруучулук ишмердүүлүгүн коштук.

Биз ошондой эле жаңы компетенцияларды түзүп чыктык, формулировкасы иретүүлүгү, мааниси өзгөрдү.

**Атабаев И.Н. (медицина факультетинин кафедра башчысы, м.и.к., доцент):**

Саламатсыздарбы, урматтуу медицина тармактык комитетинин мүчөлөрү, төрага! Бул ишти жоопкерчиликтүү аткаруу керек деп чакырып кетемин. Жумушчу топтон кийин комитет карайт жана координациялык кеңешке сунуштайт. Ар

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

баарыбыз өзүбүзгө берилген кызматты так аткарады, бир жери туура эмес болуп калса, биз жооп беребиз. Мен стандарттарды карап чыктым, менин оюмча, менин сунушум. 180 кредиттен пайыздык эсеп менен тандоо курстарын жана профилдик дисциплиналардын үлүшүн чыгарып керек.

Бул жерде кадрдык саясат боюнча жазылган. Менде дагы бир суроо пайда болду. Медициналык колледждерде кимдер сабак бере алат?

Сунуш, ошону кенири жазыңыздар.

**Торобаева Д.К. (п.и.к., доцент, ОшМУнун медициналык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары)**

Урматтуу, Ибрагим Насырович, мен жооп берип койсом. Ооба ар бир бөлүктү эсептеп чыкканбыз. Кадрдык саясат боюнча маалымат бар, жазылган. Айткандарыңыз туура. Сунушунузду кабыл алабыз.

**Атабаев И.Н. (медицина факультетинин кафедра башчысы, м.и.к., доцент):**

Эгерде студент колледжден кийин медицина факультетинде окуусун уланта, колледжде окуган сабак таанылышы керек 3 кредит болсо да, 1 кредит болсо да. Айырма болбош керек 1-2 кредит үчүн төлөм төлөбөш керек. Бакалаврга тапшырган студенттен да айырма чыкпашы керек.

**Стамбаев Ө.Т. (КРдеги медициналык колледждер Ассоциациясынын Президенти, КР билим берүүнүн отличниги, саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери):**

Урматтуу комитет мүчөлөрү! 9.1.1. жана 9.1.2 көңүл бурунуздар, экрандан окунуздар. 9.1.1 Окутуучу: Окуучу катышы 1/12 деп турат, ушул жерди туура жазыш керек.

9.6.1 МАК канча этапта өткөрүлөт, кандай болот, токтомдо 5 кредит болуш керек деген, эмнеге аз?

**Торобаева Д.К. (п.и.к., доцент, ОшМУнун медициналык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары)**

Рахмат суроонузга, Өзгөнбай Тиллабаевич, МАК 2 этаптан турат, 1 -этап теориялык, компьютердик тест түрүндө, 2- этап ОСКЭ менен алынат. МАКка 3 кредиттен кем эмес деп жазылды.

**Стамбаев Ө.Т. – (КРдеги медициналык колледждер Ассоциациясынын Президенти, КР билим берүүнүн отличниги, саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери)**

Өндүрүштүк практиканын түрлөрү боюнча сунуш берели, таанышуу практикасы, квалификация алдындагы практика, окуу- өндүрүштүк практика, өндүрүштүгү практика жетекчилери боюнча керектүү маалымат киргизели,

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

...дай дейсиздер.

**Торобаева Д.К. (п.и.к., доцент, ОшМУнун медициналык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары, п.и.к.)**

Практика үчкө бөлүнгөн, ообо баарын кетирип жазганбыз. Экранга көңүл бурсаңыздар, демонстрация болуп жатат, ошол бөлүгүн карасаңыздар болот.

**Ыдырысов И.Т. (м.и.д., профессор, медицина факультетинин деканы):**

Урматтуу ОМПК мүчөлөрү стандарттарды карап чыктыңыздар, кагазга чыгарылганын офлайн катышуучулар карады, электрондук варианттарын онлайн катышкандар маани берип карап, суроолор берилип кызуу талкуу болду деп эсептеймин. Бүгүн каралган Дарылоо иши, акушердик иши, ортопедиялык стоматология, профилактикалык стоматология, фармация, медициналык айым иши, лабораториялык дартты аныктоо адистиктеринин билим берүү стандарттарын координациялык кеңешке сунуштайлы, кандай дейсиздер.

**Самбаев О.Т. (КРдеги медициналык колледждер Ассоциациясынын Президенти, КР билим берүүсүнүн отличниги, саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери):**

Координациялык кеңешке сунуштасак болот.

**Атабаев И.Н. (медицина факультетинин кафедра башчысы, м.и.к., доцент):**

Менин сунушум, комитеттин кароосуна Билим берүү стандарттарын кагазга чыгарылган вариантын тапшырышсын, жана протоколго комитеттин мүчөлөрү да кол койсун.

**Абумаева М.М. (Phd, Эл аралык медицина факультетинин деканынын орун басары):**

Билим берүү стандартынын мазмунун абдан кылдаттык менен карап чыктык, менин оюмча тиркемесиз ырастоо мүмкүн эмес. Мен макул эмесмин, тиркемесиз координациялык кеңешке сунуштоого.

**Ыдырысов И.Т. (м.и.д., профессор, медицина факультетинин деканы):**

Анда эмесе, урматтуу коллегалар сунуш пикирлериңизге рахмат, эгерде башка суроолор жана сунуштар жок болсо, 060101 дарылоо иши, 060102 акушердик иши, 060106 ортопедиялык стоматология, 060107 профилактикалык стоматология, 060108 фармация, 060109 медициналык айым иши, 060110 лабораториялык дартты аныктоо адистиктеринин Билим берүү стандарттарынын долбоорлору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын.

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

Колго саламын макул - 12, каршы -1, калыс жок.

Рахмат баарыныздарга, убактыныздарды болуп катышып бергенинииздер үчүн.

**ТОКТОМ:**

1. Дарылоо иши – 060101 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын;

2. Акушердик иши – 060102 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын;

3. Ортопедиялык стоматология - 060106 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын:
4. Профилактикалык стоматология – 060107 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын:
5. Фармация - 060108 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын;
6. Медициналык айым иши – 060109 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын:
7. Лабораторлук дартты аныктоо – 060110 адистигинин Билим берүү стандартынын долбоору координациялык кеңештин кароосуна сунушталсын.

Медицина тармактык комитетинин төрагасы, м.и.д. профессор: Ыдырысов И.Т.

Медицина тармактык комитетинин мүчөсү, м.и.к., доцент : Атабаев И.Н.

Медицина тармактык комитетинин мүчөсү, Phd.: Джумаева Л.М.

Медицина тармактык комитетинин мүчөсү, ОМК торайымы: Турсунбаева А.Т.

Катчы: Жообасарова Д.Ж.

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner